# Социалдык педагогдун аткарган ролдору

Каралуучу суроолор:

1) Социалдык педагогдун аткарган ролдору
2) Социалдык педагогдун адистик сапаттары?

1.Социалдык педагогдун аткарган ролдору

Социалдык педагог билим берүү системасында, коомдо адис катары аткарган ролдору абдан көп жана маанилүү[1]. Мисалы, төмөндөгүдөй ролдорду белгилей кетсек болот:




1

ДОС



ЭКСПЕРТ, ИЗИЛДӨӨЧҮ



АДВОКАТ



ПСИХОЛОГ



ОРТОМЧУ



Социальный педагог коомдук ишмер, кеңешчи, бир четинен дос да болуп кетет. Ал эми анын Эксперттик функциясы эмнеде деп ойлойсуңар?

Социалдык педагог көйгөйгө, социалдык абалга карата ар тараптуу баалоо жүргүзүп социалдык диагноз чыгарат. Ал үчүн социалдык педагог атайын иштеп чыккан алгоритмдер менен иш жүргүзөт. Ал алгоритмдер тууралуу кийинки материалдарда кененирээк айтабыз.

Сөзүбүздү уланта кетсек, социалдык педагог мектеп менен ата-эненин, окуучулардын ортосунда байланыш түзүп туруучу ортомчулук милдетти да аткарат, кээ бир учурларда психолог катары окуучуларга жардам берсе, кээ бир учурда адвокат  да болот.

Мисалы, адвокат катары социалдык педагог окуучулардын кызыкчылыгын көздөп, алардын укуктарын да коргогон учурлар болот. Адвокат деген сөз латын тилинен которгондо «жардамга чакыруу» дегенди билдирет.

Ошондуктан социалдык педагог өзүнүн ролдорун ийгиликтүү аткарыш үчүн билим берүү процессин укуктук негиздери менен да тааныш болууга тийиш.

Ал эми окуучулар, ата-эне, кесиптештер, социалдык чөйрө менен эффективдүү иш алып баруу үчүн психологиялык билимге да ээ болуусу керек.

2. Социалдык педагогдун адистик сапаттары?

Ал эми азыр социалдык педагогдун кесиптик сапаттарына көңүл бурсак, себеби алар тигл же бул социалдык ролдорду аткарууга жардам берип кесиптик күйүүго дуушар болуудан сактайт.

Социалдык педагогдун адистик сапаттарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот[2]:

Жасалма болбоо – айлана-чөйрөдөгүлөр менен иш алып баруда, пикир алышууда социалык педагог өзүнүн жүрүм –турумун, мүнөзүн табиятынан кандай болсо ошондой эркин алып жүрүүсү;

Гумандуулук- адамдарга жардам жана потитивдүү таасир бере алган, жардамга муктаж адамдын камын ойлой билүүсү;

Эмпатия – өзүн башка адамдардын ордуна кое билүү, алардын көйгөйүн элестете алуу жана түшүнө билүү жөндөмдүүлүгү

Ачыктык – ички сезимдерин, ойлорун ичке катпастан ачык айта алуу жана адамдарга жеткире алуу мүмкүнчүлүгү;

Кылдаттуулук – адамдар менен пикир алышууда жумшактыкты,  сылыктыкты, тактыкты сактап адамдарга мамиле кылуу;

Конкреттүүлүк – берилген талаптарга жана суроолорго туура жана так жооп берүү, ойлогон оюн так билдире алуу;

Мындан сырткары да социалдык педагого көптөгөн талаптар коюлат. Мисалы, социалдык көйгөйдү аныктай билүү, адамдарды уга билүү, туура маалымат топтой алуу, байкоо жүргүзүү, талдоо жана баа берүү, иштин натыйжалуу ыкмасын тандап алуу, окуучуларды активдештирүү ж.б .

Ушул сапаттардын баардыгы албетте иштин натыйжалуу аткарылышына жана максаттарга жетүүгө шарт түзөт эмеспи.

Социалдык педагогдун негизги максаттары болуп булар эсептелинет :




2

Ошентип, социалдык педагог өзүнүн жогорку кесиптик сапаттары аркылуу оор сезилип жаткан көйгөйлөрдү жеңилдете турган, кыйын мезгилдерде жол көрсөтө ала турган, окуучулардын, ата-энедердин, мугалимдердин ишеничине ээ болгон ар тараптуу адис.

**Колдонулган адабияттар:**


- Социальная педагогика: Учебник для бакалавров / Под ред. докт. пед. наук И. А. Липского, докт. пед. наук Л. Е. Сикорской. — М.: Издательскоторговая корпора ция «Дашков и Ко», 2013. — 280 с.
- Фатыхова А. Л. Профессионально значимые качества социального педагога / А. Л. Фатыхова, Ф. М. Сулейманова // Международный научно-исследовательский журнал. — 2012. — №1 (1). — С. 29—32. — URL: https://research-journal.org/pedagogy/professionalno-znachimye-kachestva-s